# ӨМҮРЛҮК ЖАРЫ
# ЖАНА КАЙЫНДАРЫ

ТУРМУШУҢДА ЧОҢОЮП, ЖЕТИЛИП,
ЖЕТИШКЕНДИГИҢДИН АРТЫНДА,
АТАҢДЫН ТАРБИЯСЫНАН КЕМ ЭМЕС
АПАҢДЫН ЭМГЕГИ ДА ЗОР ЭКЕНИН
УНУТПА.

ШАШЫЛГЫЛА!
АПАҢАРДЫ ЖАКШЫ КӨРГҮЛӨ,
МЭЭРИМИҢЕРДИ ТӨККҮЛӨ,
СЫЙ-УРМАТЫҢАРДЫ ТАРТУУЛАГЫЛА!
БЕЙИШ ЭНЕНИН ТАМАН АЛДЫНДА
ЭКЕНИН УНУТПАГЫЛА!



**Зарылкан Азаровичтин** жогоруда белгиленген жетишкендиктеринин дээрлик баарынын артында, колуна-кол, бутуна-бут болуп келген, кажыбас кайраты, мээнеткечтиги менен жөлөк көрсөтүп келген жубайы Уулбүбүнүн эмгеги да баа жеткис болгон.

**Токтобаева Уулбүбү** Талас областынын Манас районунун Кара-Арча айлында 1935-жылы 10-январда жарыкка келген. Атасы **Эргеш** (1908-1967) эки бир туугандын кичүүсү болгон. Энесинин аты **Зыйнат** эле. **Эргеш**, Улуу Ата мекендик согушка катышып, келгенден кийин колхоздо башкарма болуп үзүрлүү эмгектенген. Агасы **Токтобай** (1903-1963) болсо райфинотделде налог жыйноочу инспектор болуп иштеген.

**Токтобай** тайата адегенде **Табарикке** үйлөнөт, бирок балалуу болушпайт. Аларды аяп, иниси Эргеш экинчи кызы Уулбүбүнү агасына берет. Бир аздан кийин, Таберик каза болуп, Токтобай **Бүбүшайга** үйлөнөт.

Ошол Улуу ата-мекендик согуш убагында, кыйынчылык болуп турган кезде, мектептин директору каза болуп, аялы **Зейне** (ногой элинин кызы) үч баласы менен кыйнала баштайт. Аларды көргөн Токтобайдын боору ооруп, үйүнө алып келип жашатат. Анын эки-үчкө чы-

гып калган баласы **Куттубайды** Токтобай багып алат. А, кызы **Ракыйманы** Токтобайдын Жамбыл калаасында жашаган эжеси **Турумбүбү** (Ибраим тайатанын карындашынын кызы) багып алат. Ошентип жашап атышкан кезде Зейненин туугандары келип, Зейне менен улуу баласы Эркинди Пишпекке алып кетишкен. Эркиндин балдары-неберелери азыр Бишкекте турушат.

Анан Бүбүшай төрт бала төрөйт. Ошентип, Токтобай менен Бүбүшай алты баланы багып, татыктуу тарбия берип чоңойтушат. Алар: Уулбүбү, Куттубай, Орозбүбү, Жолдошаалы, Кыдыраалы, Бактыгүл.



*Токтобай, Бүбүшай балдары Орозбүбү, Жолдошалы, Кыдыралы, Бактыгүл менен. 1958-ж.*

Эргештин улуу байбичеси **Зыйнат** беш бала төрөйт, алар: Султанбек, Айтбүбү (1923-1952), Калбүбү, Уулбүбү, Мадый (1938-2014). Алардын ичинен Султанбек менен Калбүбү өспүрүм кездеринде каза болушкан. А кичүү байбичеси **Жумагүл** болсо төрт бала төрөйт, алар: Мадияр, Жумашалы, Дүйшөналы, Керимбүбү.




Биринчи катарда: *Калбүбү, Уулбүбү*. Экинчи катарда: *Эргеш, Саткын, Айтбүбү, Токтобай*. Үчүнчү катарда: *Зыйнат, Султанбек, Таберик*. Кара-Арча. 1936-ж.

Ошентип, Уулбүбү эки үй-бүлөөгө тең болуп, он төрт бир туугандуу болуп жашап келүүдө.

**Бүбүшай** тайэне жаштайынан эле колу чебер болуп чоңойгон экен. Оокатка тың, бир нерсе жасаш керек болсо, бат кыймылдап ишти тез эле бүтүрчү. Кыргы-



*Эргешов Мадый*

здардын оймо-чиймелерин чие коюп, кийиз, шырдак, курак, боз үйдүн жасалгаларын жана башка ушул сыяктуу нерселерди көп эле жасады. Өзгөчө ичик, тон, кундуз, суусардан тебетей дегендерди, абышкасына, балдарына аябай келиштире тигип берчү эле. Бүбүшай эненин колунан чыккан мындай улуттук буюмдарды азыр да, балдарынын, неберелеринин үйүнөн кездештирүүгө болот.




*Бебезов Х.С.*

Ошол кездерде, **Эргештин** Жамбул шаарынын четинде жашаган **Бебезов Сулайман** деген досу болгон. Кара-Арчадан шаарга барган сайын Сулайман досунукунда болуп, ээрчите барган баласы Мадый, теңтуш болгон Сулаймандын уулу Хаким менен чогу ойноп жүрүп чоңоюшат. Кийин, **Хаким Сулайманович Бебезов** – Кыргызстандын медицина тармагында чоң илимпоз, медицина илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасына эмгеги сиңген врач болду. А **Мадый** (1938-2014) болсо, Талас өрөөнүндө белгилүү малчы болуп, далай орден, медалдардын ээси болгону менен бирге, жаш кезинде, балбан, атактуу улакчы да болгон. Ошентип, алдуу-күчтүү болуп турган мезгилде, бир жолу аттан жыгылып, белин

кокустатып алып, больницага жатып айыгып чыгат, бирок, аркасынын бир-эки омурткасына доо кеткендиктен бели бүкүрөйүп бүтүп калат. Анысы аз келгенсип, дайыма малдын артында жүрүп, дүрбүнү көп колдонгонунун кесепетинен, кийин, улгайып калганда, көздөрү ооруп начарлап жүрүп, бара-бара көрбөй да калат.

**Бир жолу**, Мадый Бишкеке келип калганда, жаш кезиндеги теңтушу Хакимди эстеп, *"Кандай жүрөт болду экен,"* - деп калат. Аны укканда, баласы Жаныш экөөнү машинага салып, жолуктурайын деп, Бебезовдун клиникасына алып бардым (автор). Кабыл алуу бөлмөсүндө күтүп отурсак, Хаким келип *"Киргиле"* – деп кабинетине чакырды. Медициналык халатын кийип, столуна отуруп, ооруп келген бейтаптардай кабыл алып, сурап калды:

-*"Ии, келгиле, кандай суроолоруңар бар?"* -дегенде, мен:

-*"Хаким Сулейманович, биздин таякебиз Таластан келген. Анан Сизге учураша кетейин дегенинен алып келдим эле,"* – десем. Таякебизди карап, *"Бул ким экен"*, - деди.

-*"Манас районунан, Мадый,"* – десем, ойлоно калып, ордунан тура калып:

-*"Мадый?"*- деп, жакшылап карап, аны көздөй утурлап басты.

Көзү көрбөй калган Мадый, - *"Хаким, сенсиңби, кайдасың,"* – деп, колун сунуп ордунан турду.

Көргөн көзүнө ишене албай, Хаким, кайра-кайра кайталап, *"Мадый, Мадый ушу сенсиңби,"* - деп келип ку-

чакташып көрүштү.

-*“Сен, чоң, балбан болушуң керек эмес белең, кантип ушундай болуп калдың”*.

-*“Ээ, турмушта ар кандай болот турбайбы, белге көнүп калдым эле, кийин минтип көзүм дагы көрбөй калганы жаман болду”*.

Ошентип, учурашып ал-ахвалды сурашкандан кийин, Хаким телефонду алып, өзү тааныган көз доктурга чалып, *“Азыр менин тууганым барат, жакшылап карагылачы”* – деди. Ал, күчтүү көз доктурларга барсак, заманбап импорттук аппараттар менен текшеришип:

-*“Ава, кеч болуп калыптыр, эми медицинанын күчү жетпейт. Биздин агайыбыздын жиберген адамына жардам береалбай калганыбыз өкүнүчтүү болуп атат, айла жок”* – деп калышты.

Кайра Хаким Сулеймановичке барып, *“Кеч болуп калыптыр,”* – десек. Ал дагы:

-*“Эх, эмне үчүн, эрте келген жоксуң?”* – деп, өкүнүчтө калды. Жарым кылымдан кийинки жолугушуу, ушундай болду.

**Уулбүбү** өз убагында мектепти окуп бүтүп, борбор калаабыз Фрунзеге келип В.Маяковский атындагы Кыз-келиндер институна тапшырып, аталган окуу жайды ийгиликтүү аяктайт.

Ошол учурларда **Зарылкандын** улуу эжеси **Салимакан**, таанышына, Кыз-келиндер институтунун ректоратына өз жумуштары менен барып, институттун короосунан, топ кыздардын арасынан, келбеттүү, татынакай, чачы узун кызды көрүп жактырып, *“Болду-*




*болбоду ушул кыз Зарылкан иниме келинчек болсо жарашчуудай экен"* - деген ойдо калат. Көп убакыт өткөрбөй инисин шаарга чакырат дагы, ошол таанышы аркылуу тааныштырат. Жигит, кызды бир көргөндө эле жактырганын эжесине айтат. Ошентип, Уулбүбү окуусун бүтөөрү менен, экөө баш кошуп Кочкор районунун Кара-Суу айлына барып туруп калышат. Ал кезде Зарылкан колхоздун башкы бухгалтери болуп иштеп аткан болот.

Бир-эки жылдан кийин, Ананьево айлына көчүп барышат. Уулбүбү мектепке мугалим болуп орношуп, пенсияга дейре үзүрлүү эмгектенет. Мугалимдик иши жогору бааланып, Билим берүүнүн отличниги төш белгиси менен жана көптөгөн диплом, грамоталар менен сыйланат.

Кийин, Уулбүбү эжеси Айтбүбүнүн уулу **Төлөбайды** Ананьевого чакырып келип, кеп-кеңештерин берип, алардын турмуш жолуна салымдарын кошушкан. **Төлөбай** (1949-2004), өзү дагы тың чыгып, областта, райондордо тергөөчүлүк кызматтарда үзүрлүү эмгектенип, милициянын полковниги деген званиесин алып, пенсияга чыгып, милициянын Бишкектеги жогорку Академиясында окутуучулук иш менен алектенип келген.



*Төлөбай, Жолдошалы, Анара, Бурул балдары менен. Ортодо Мамат. 1980-ж.*

Кийин, Төлөбай ини-карындаштарын, Жумашаалыны, Дүйшөналыны, Бактыгүлдү, Керимбүбүнү жана Мырзанды өз убактыларында, Ананьевого алып келип мектептен окутту. Себеби, Таластагы Кара-Арчанын мектебине караганда, Ананьевонун (көпчүлүгү орустар, немистер болгон) мектеби, ошол кезде, күчтүүрөөк тарбия-билим берчү.